**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ПАНФИЛОВ РАЙОНУ**
**КУРАМА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КУРАМА**

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

“28” июль 2026-жылдагы №32 Панфилов айылы

## “Панфилов районунун Курама айыл аймагынын Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-39-беренелерине, “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” Мыйзамына жана “Панфилов районунун Курама айыл аймагынын Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу жөнүндө Жобого ылайык, Курама айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон олуттуу салымы, кайрымдуулук ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз жүргүзгөндүгү, айыл аймагынын коомдук турмушуна жигердүү катышкандыгы, ошондой эле коомдук ынтымакты жана руханий баалуулуктарды бекемдөөгө, ишкердикти өнүктүрүүгө кошкон салымын эске алуу менен Курама айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Курама айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө кошкон олуттуу салымы, кайрымдуулук ишмердүүлүгү, коомдук турмушка жигердүү катышкандыгы жана айыл аймагынын өнүгүшүнө сиңирген эмгеги үчүн:

- Бейсембаева Тамара Шерматовнага;
- Джумагулов Курманбек Жумагуловичке;
- Жапарова Айгүл Жанышовнага;
- Исаева Динара Зарылбековнага;
- Мандрыко Галина Егоровнага;
- Токтосунов Самаган Сарлыковичке

“Панфилов районунун Курама айыл аймагынын Ардактуу атуулу” наамы ыйгарылсын.

2. Курама айыл өкмөтүнө белгиленген тартипте «Панфилов районунун Курама айыл аймагынын Ардактуу атуулу» наамынын грамоталарын, күбөлүктөрүн жана төш белгилерин даярдоо, ошондой эле аларды салтанаттуу кырдаалда тапшырууну уюштурую милдеттендирилсин.

3. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялоо булактарында жарыялансын.

4. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.

5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Курама айылдык кеңешинин туруктуу социалдык комиссиясына жүктөлсүн.

**Төраганын орун басары** **Д.М.Манамкулов**